UNDEF
The United Nations Democracy Fund

FNUD
Fonds des Nations Unies pour la démocratie

PENAL REFORM



# КЫРГЫЗСТАНДА, ТАДЖИКСТАНДА ЖАНА ӨЗБЕКСТАНДА ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨ ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТУУ МЕНЕН БАЙЛАНЫШПАГАН АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ ЧАРАЛАРДЫ КОЛДОНУУ БОЮНЧА СУДЬЯЛАР ҮЧҮН МЕТОДОЛОГИЯ



Ушул Методологияны даярдоо Борбор Азиядагы Эл аралык түрмө реформасынын Өкүлчүлүгү тарабынан ишке ашырылган, Бириккен Улуттар Уюмунун Демократия Фондунун финансылык колдоосунда “Кыргызстанда, Таджикстанда жана Өзбекстанда укук үстөмдүүлүгүн бекемдөө” долбоорун ишке ашыруунун алкагында жүзөгө ашырылды.

Долбоордук иш-чаранын жүрүшүндө жана/же долбоордун басылмаларында чагылдырылган пикирлер Бириккен Улуттар Уюмунун Демократия Фондунун расмий көз карашын билдирбейт.

**Авторлор:**
**Сыдыков Аскат Шаршекович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы
**Воронцова Ирина Николаевна** – Бишкек шаардык сотунун судьясы

Бириккен Улуттар Уюмунун Демократия Фонду

Борбор Азиядагы Эл аралык түрмө реформасынын Өкүлчүлүгү

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ....................................................................................................4

**1. ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР**....................................................................................5

**2. ЖАЗЫК ЖАЗАСЫН ДАЙЫНДООНУН МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ** .....................6

**3. ЖАЗАНЫ ДАЙЫНДООНУН ЖАЛПЫ БАШТАЛЫШ СИСТЕМАСЫ**............................9

**4. ЭРКИНЕН АЖЫРАТУУГА АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ ЖАЗАЛАРДЫ ДАЙЫНДОО БОЮНЧА СУДЬЯЛАР ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР** ........................................ 12

Жаза дайындоонун алгоритми......................................................................................18

Альтернативдүү жазалар түшүнүгү жана аларды колдонуу .........................................31

**КОРУТУНДУ** .............................................................................................................. 35

**МАКСАТТАР ЖАНА МИЛДЕТТЕР.** Жазык жазаны дайындоонун методикалык негиздерин түзүү; альтернативдүү жазалар түшүнүгү жана аларды колдонуу; Кыргызстан, Таджикстан жана Өзбекстан үчүн жазык сот өндүрүшүндө эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган кылмыш жазаларын дайындоо боюнча судьяларга методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

# КИРИШҮҮ

Кылмыштуулукка каршы тутумдук таасир тийгизүүдө мамлекет тарабынан колдонулган жазык-укуктук каражаттардын ичинен эң катаал жана сөзсүз болуучу бул жазыктык жазалоо. Бирок аны дайындоо кылмыштуулуктун адекваттуу абалында, анын статистикалык жана динамикалык өзгөчөлүктөрүндө, социалдык, экономикалык жана башка шарттарында дайыма ишке ашырыла бербейт.

Эркиндигинен ажыратуу жазанын эң көп колдонулган түрлөрүнүн бири. Эркиндигинен ажыратууга бардык айыпталгандардын үчтөн бири соттолот. Бирок, ушул жазаны колдонуу олуттуу кемчиликтерге ээ, ал соттолгон адамдын үй-бүлөсүнүн материалдык абалына, үй-бүлөлөрдүн бузулушуна, ошондой эле адамдардын кылмыштуу жүрүм-турум көндүмдөрүнө ээ болушуна, рецидивдин өсүшүнө, жана башкаларга олуттуу таасирин тийгизет.

Жазык жазалоону дайындоодо пайда болгон каталар, башка факторлор менен бирге, жалпысынан кылмыштуулукка каршы күрөштү солгундатып, укук коргоо жана сот ишин, ошондой эле бардык мамлекеттик бийликти жаманатты кылууда.

Жаңы тарыхый шарттарда, жаза дайындоонун негиздери жөнүндө, кылмыш жасаган адамга карата жазанын конкреттүү түрүн жана өлчөмүн тандоодо соттун каалоосуна жол берүү деңгээли жөнүндө мурунку ой жүгүртүүлөр аңдап ойлонууну талап кылат, ал эми кээ бир учурларда кайра карап чыгууну талап кылынат. Ушул жазык жазалоону дайындоонун методологиясы жана методикасынын аспектинде өзгөчө актуалдуулукка жана мааниге ээ болушат. Жазык мыйзамдарынын алдына коюлган максаттарга жетүү, негизинен, адамга кандай жаза колдонулаары, анын мыйзамдуу, адилеттүү жана негиздүү болушунан көз каранды.

Ошол эле учурда, азыркы учурда, жазык жазасында акыйкаттыкка жетүү милдети негизинен интуитивдик деңгээлде чечилип жатат. Жазык укугунун теориясында жазаны дайындоо методологиясынын илимий негиздери иш жүзүндө иштелип чыккан эмес, ал эми кылмыштын коомдук коркунучун жана кылмышкердин инсандыгын тиешелүү жазанын (методиканын) оордугу менен дал келтирүү жана салыштыруу боюнча иш жүзүндөгү процесстин теориялык сүрөттөлүшү жана илимий негиздөөлөрү таптакыр жок. Мунун бардыгы кылмыш мыйзамдарынын нормаларын чечмелөөдө жана ишке ашырууда олуттуу кыйынчылыктарды жаратат, ошол эле иштерди ошондой эле учурларда баалоодо жаза дайындоо субъекттеринин ортосунда карама-каршылыктарды жаратат, көптөгөн соттук каталарды шарттайт.

# 1. ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР

Түрмөгө кармоонун альтернативалары боюнча эл аралык стандарттар бир катар универсалдуу жана аймактык эл аралык инструменттерде чагылдырылган. Бул жааттагы эң маанилүү эл аралык мүнөздөгү документтердин катарына 1990-жылдын 14-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 45/110 Резолюциясы менен кабыл алынган, түрмөгө камоо менен байланышпаган чараларга карата Бириккен Улуттар Уюмунун стандарттуу минималдуу эрежелери (мындан ары-Токио эрежелери) кирет. Токио эрежелери түрмөгө камоо менен байланышпаган чараларды колдонууну үндөгөн негизги принциптердин топтомун, ошондой эле түрмөгө камоонун альтернативалары колдонулган адамдар үчүн минималдуу кепилдиктерди камтыйт. Эрежелер жазык иштери боюнча сот адилеттигин ишке ашырууда, өзгөчө укук бузуучуларга кайрылууда коомчулуктун активдүү катышуусун камсыз кылуу, ошондой эле укук бузуучулардын коом алдындагы жоопкерчилик сезимин өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү максатын көздөйт. Алар жазык сот адилеттигин жүргүзүүнүн бардык этаптарында соттук куугунтуктоо жүргүзүлүп жаткан бардык адамдарга карата колдонулат.

### Мында, Токио эрежелери төмөнкүлөрдү сунуш кылат:

- түрмөгө кармоо менен байланышпаган чаралардын саны жана түрлөрү өкүмдөрдүн ырааттуулугун сакталып кала тургандай аныкталышы керек;
- түрмөгө кармоо менен байланышпаган жаңы иштеп чыгууга дем берүү жана бул процессти кылдаттык менен көзөмөлдөө, ошондой эле аларды колдонуунун тажрыйбасын системалуу баалоо;
- укуктук кепилдиктерге жана мыйзамдарга ылайык, мүмкүн болушунча формалдуу териштирүү же сот жараянын кылбастан, коомчулуктун күчүн укук бузуучуга карата чара катары кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн изилдөө;
- түрмөгө кармоо менен байланышпаган чараларды минималдуу кийлигишүү принцибине ылайык колдонуу.

Түрмөгө кармоо менен байланышпаган чараларды колдонуу депенализация жана декриминализация жолу менен жүрүшү керек жана бул багыттагы күч- аракеттерге тоскоол болбошу же жайлатпашы керек.

# 2. ЖАЗЫК ЖАЗАСЫН ДАЙЫНДООНУН МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

Жаңы жүз жылдыктын башында кылмыштуулуктун сапаттуу жана сандуу көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүшү кылмыштуу укук бузууларды жасаган адамдарга адекваттуу жазык-укуктук таасир этүү тууралуу маселени актуалдаштыруу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Кыргызстан, Таджикстан, Өзбекстандын жазык кодекстери жаза дайындоону жөнгө салган ченемдердин жалпы тутумунун алып жүрүүчүсү болуп саналат.

Каралып жаткан бардык өлкөлөрдүн Жазык кодексинде төмөнкүлөр бекитилген:

| Кыргызстан | Өзбекстан | Таджикстан |
|---|---|---|
| **КР ЖКнын 63**-беренесинде - кылмыш үчүн жаза кылмыш жасаганына күнөөлүү деп таанылган адамга карата соттун өкүмү боюнча колдонулуучу жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу чараларынын бири болуп саналат жана соттолгондун КР ЖКде каралган укуктарын жана эркиндигин чектөөнү жана ага белгилүү бир милдеттерди жүктөөнү билдирет. | **ӨР ЖКнын 42**-беренесинде – жаза бул кылмыш жасаганына күнөөлүү деп таанылган адамга карата соттун өкүмү боюнча мамлекеттин атынан колдонулуучу мажбурлоо чарасы болуп саналат жана мыйзамда каралган соттолуучуну белгилүү бир укуктарынан жана эркиндигинен ажыратууда турат. | **ТР ЖКнын 46**-беренесинде – жаза соттун өкүмү боюнча дайындалуучу мамлекеттик мажбурлоо чарасы болуп саналат. Ал кылмыш жасагандыгына күнөөлү деп таанылган адамга карата колдонулат жана ушул Кодекс менен каралган ушул адамды укуктарынан жана эркиндигинен ажыратуу же чектөөдө турат. |
| **Адамды жазалоонун максаты** болуп күнөөлүүнү түзөтүү жана ресоциалдаштыруу, жаңы кылмыштарды жасоонун алдын алуу, социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү саналат. | **Жазалоо** соттолгон, ошондой эле башка адамдарга карата түзөтүү, кылмыштуу иштерди улантууга жол бербөө, ошондой эле жаңы кылмыш жасоонун алдын алуу **максатында колдонулат.** | **Жазалоо** социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү, ошондой эле соттолуучуну түзөтүү жана жаңы кылмыштарды алдын алуу **максатында колдонулат.** |

Андыктан, жазалоо бул соттун өкүмү боюнча дайындалуучу мамлекеттик мажбурлоо чарасы болуп саналат. Жазалоо кылмыш (же жорук (Кыргызстан)) жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп таанылган адамдарга карата колдонулат жана ЖКде (Жоруктар жөнүндө кодекс (Кыргызстан)) каралган ушул адамды укуктарынан жана эркиндиктеринен ажыратууда же чектөөдө камтылат.

## Жазык жазалоонун белгилери:

**1.** мамлекеттик мажбурлоо чарасы болуп саналат;

**2.** кылмыш жасаганга күнөөлү деп таанылган адамга карата колдонулат;

**3.** кылмыш жасаганга күнөөлү деп таанылган адамды укуктарынан же эркиндигинен ажыратууда же чектөөдө камтылат;

**4.** жазалоо төмөнкү максаттарда колдонулат:
- социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү;
- соттолуучуну түзөтүү максатында;
- жаңы кылмыштарды жасоонун алдын алуу.

**Жаза дайындоонун методологиясы, жазык-укуктук категориясы сыяктуу, жаза дайындоонун конкреттүү жалпы башталышын жана атайын эрежелерди талдоону карайт.**

### Жаза дайындоонун методикасы төмөнкүлөрдү чечүүгө мүмкүнчүлүк берет:

- жаза дайындоо институтун теориялык жол-жоболоштуруу жана мыйзамдык регламентациялоонун жалпы көйгөйлөрү;
- коомдук коркунуч боюнча бирдей кылмыш жасаган адамдарга жазык-укуктук таасир этүүнү колдонууда бир түрдүүлүктү аныктоо;
- жазанын жекелештирүү тажрыйбасын иретке келтирүү;
- күнөөлүүгө тийиштүү жаза чараларын аныктоо үчүн зарыл болгон бардык далилдерди баалоо.

Мында, жаза дайындоо жөнүндө кабыл алдынган чечимдин ийгилиги, биринчи кезекте, соттун кылмыштын коомдук коркунучун жана кылмышкердин инсандыгын жазык мыйзамында каралган мүмкүн болгон жазанын оордугу менен туура ылайык келтирүү жөндөмүнөн көз каранды.

Тар мааниде, **жазаны дайындоо методикасын** кылмыш иш-аракетинин коомдук коркунучу, күнөөлүү адамдын инсандыгы жана жазанын оордугу, алардын өз ара байланышы жана өз ара шарттуулугунун ортосундагы көз карандылыкты изилдөө ыкмаларынын теориясы катары аныктоого болот.




**Ошентип, таблицада жазаны дайындоонун төмөнкү структуралык элементтерин камтыган ченемдик модели келтирилген:**

- жаза дайындоонун критерийлери жана принциптери;
- жаза дайындоонун алгоритми (этаптары);
- жаза чараларына айрым жагдайлардын таасир этүү нормативдери;
- кылмыштын коомдук коркунучун жана күнөөлүүнүн инсандыгын баалоо эрежелери;
- күнөөлүү адам жасаган жазага карата катуулугуна жараша жазаны тандоо эрежелери.

Кыргызстандын, Таджикстандын жана Өзбекстандын жазык мыйзамдарын талдоо, аталган жаза дайындоо модели каралып жаткан өлкөлөрдүн Жазык кодекстеринин Главаларында ченем түрүндө түзүлгөндүгүн көрсөтөт (Кыргызстан –ЖКнын 11, 12-главалары, Таджикстан – ЖКнын 9, 10-главалары, Өзбекстан – ЖКнын 10, 11-главалары): жаза дайындоо этабы; кылмыштын коомдук коркунучун жана күнөөлүүнүн инсандыгын аныктоо эрежелери; ар кандай жагдайлар болгондо жаза дайындоонун жоболоштурулган эрежелери; белгилүү бир оорчулуктагы жана түрдөгү жазаны тандоо; кылмыштардын жыйындысы жана өкүмдүн жыйындысы боюнча жазаларды кошуу принцибин тандоо; жаза дайындоонун процесстик эрежелери; жазанын атайын түрлөрүн дайындоо.

# 3. ЖАЗАНЫ ДАЙЫНДООНУН ЖАЛПЫ БАШТАЛЫШ СИСТЕМАСЫ

Жаза дайындоонун жалпы башталышы

- Жалпы эрежелери
- Атайын эрежелер (Материалдык эрежелер (жаза чарасын берүүчү))

Жазаны дайындоонун жалпы башталышы – Жазык кодекси менен белгиленген принциптер, категориялар, негизги эрежелер, аларды сот бардык жазык иштер боюнча жаза дайындоодо жетекчиликке алууга милдеттүү (Кыргызстан – ЖКнын 72-бер., Таджикстан – ЖКнын 60-бер., Өзбекстан – ЖКнын 54-бер.).

**Кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп таанылган адамга дайындалуучу жазык жазасы төмөнкү талаптарга жооп бериши керек (Жалпы эрежелер):**

| | |
|---|---|
| Адилеттүү болушу керек, аны менен бирге адилеттүүлүк принциби ишке ашырылат (кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп таанылган адамга адилеттүү жаза дайындалат).<br><br>Адилеттүүлүк принциби толугу менен мыйзам жоболоруна ылайык келет, ага ылайык жасалган кылмыш үчүн каралган жазанын ичинен кыйла оор түрү жазанын максаттарына жетүүнү камсыз кыла албаган учурда гана дайындалат. | Жаза  кылмыштын коомдук коркунучунун мүнөзүнө жана даражасына, анын жасалган жагдайларына жана кылмышкердин инсандыгына шайкеш келүүгө тийиш;<br><br>Бир кылмыш үчүн эки жолу жаза колдонууга жол берилбейт. |
| Жаза Жазык кодексинин Жалпы бөлүгүнүн жоболорун эске алуу менен Жазык кодексинин Атайын бөлүгүнүн тиешелүү беренесинде каралган чектерде дайындалат. | Жаза дайындоодо сот Жазык  кодексинин Атайын бөлүгүнүн гана эмес, ошондой эле жазанын минималдуу жана максималдуу чектери, кошумча жазаны дайындоо, ушул жаза колдонулбай турган адамдардын категориясы, жазаны өтөө ордун аныктоо бөлүгүндө Жазык кодексинин Жалпы бөлүгүнүн жоболорун жетекчиликке алат. |

| | |
|---|---|
| Кыйла жеңил жаза өзгөчө жагдайлар болгондо гана дайындалышы мүмкүн. | Сот ылдыйкы чектен төмөн жаза дайындоого же өзгөчө жагдайлар болгондо жазанын кыйла жеңил түрүн тандоого укуктуу (Кыргызстан – ЖКнын  74-бер., Таджикстан – ЖКнын 63-бер., Өзбекстан -  ЖКнын 57-бер.)<br><br>Өзгөчө жагдайлар жок болгон учурда  сот Жазык кодекстин Жалпы жана Атайын бөлүктөрүндө каралган чектерде жаза дайындайт. |
| Кыйла оор  жаза кылмыштын жыйындысы же өкүмдүн жыйындысы боюнча гана дайындалат. | Сот Кыргызстан – ЖКнын 78, 79-бер., Таджикстан – ЖКнын 67, 68-бер., Өзбекстан – ЖКнын 59, 60 –бер. ылайык кылмыштын жыйындысы же өкүмдүн жыйындысында жаза дайындоо тартибинде кылмыштар жыйынды түрүндө жасалгандыгы үчүн Жазык кодексинин Атайын бөлүгүндө каралгандан кыйла оор  жаза дайындоого укуктуу.<br><br>Бир эле кылмышты жасагандыгы үчүн сот Жазык кодексинин Жалпы жана Атайын бөлүктөрүндө каралган чектерде жазасын дайындайт. |

**Атайын эрежелерди  (жаза чарасын берүүчү, материалдык эрежелер) төмөнкүдөй критерийлерге бөлүүгө болот:**

1.) Материалдык эрежелер (жаза чарасын берүүчү):

1.1. жаза чарасын максималдаштыруучу (мисалы, кылмыштын рецидиви, кылмыштардын жыйындысы боюнча, өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоо);

1.2. жаза чарасын минималдаштыруучу (мисалы, жеңилдетүүчү жагдайлар бар болгондо, аталган кылмыш үчүн каралгандан, кыйла жеңил жаза дайындоо, аякталбаган кылмыш үчүн жаза дайындоо, жашы жете электерди жазалоо);

1.3. башка материалдык жоболор (мисалы, кошо катышууда жасалган кылмыш үчүн жаза дайындоо, шарттуу сотто, жазанын өзгөчө түрлөрүн дайындоо);

1.4. процедуралык (техникалык) эрежелер (жазаларды кошууда жазанын мөөнөтүн аныктоо тартиби, жазанын мөөнөтүн жана жазаларды эсепке алууну эсептөө).




**Жаза дайындоонун жалпы башталышын өркүндөтүү боюнча сунуштар**

- күнөлүүнүн инсанынын жана анын кылган ишинин коркунучу менен дайындалган жазанын оордугунун пропорционалдуулугу жөнүндө талап жана кылмыштуулук менен инсандын бардык касиеттери эмес, алардын коомдук коркунучуна түздөн-түз таасир этүүчү касиеттер гана бааланууга тийиш деген көрсөтмөлөр түрүндө жаза дайындоонун жалпы башталышын иштеп чыгуу;
- жалпы башталыштан соттолгон адамды түзөтүүгө таасир этүүчү жагдайларды жана соттолгон адамдын үй-бүлөсүнүн жашоо шарттарын эске алуу эрежеси алынып салынсын. Соттолгон адамды түзөтүүгө дайындалган жазанын таасирин эске алуу талабы жазаны колдонуунун максаттарынын бирин кайталайт; соттолгон адамдын үй-бүлөсүнүн жашоо шартын эске алуу талабын жаза дайындоонун жалпы башталышы катары эсептөөгө болбойт - ал үй-бүлө болгондо гана колдонулат;
- жаза дайындоо этаптарын бекитүү: кылмыштын коомдук коркунучуна жана күнөөлүүнүн инсандыгына таасир этүүчү жагдайларды, мүмкүн болгон жаза чарасын аныктоочу жагдайларды белгилөө, ошондой эле жаза кандай тартипте дайындалат; кылмыштын коомдук коркунучун, күнөөлүүнүн инсандыгын, жазаны жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды баалоо; жаза чараларын минималдаштырган жана максималдаштырган материалдык жоболорду, жаза дайындоонун атайын эрежелерин колдонуу; жазаны дайындоонун атайын эрежелеринин башка материалдык жана процесстик жоболорун колдонуунун негизинде акыркы жаза чараны аныктоо;
- бир эле учурда бир иште пайда болушу мүмкүн болгон факторлордун айрым жагдайларын бөлүп, өзүнчө жагдайлар катары көрсөтүү керек.

Мисалы, жазаны жеңилдетүүчү эки фактор бир эле учурда аталат - күнөөнү мойнуна алып, өзү келүү жана кылмыштын бетин ачууга жигердүү салым кошуу – ушул факторлордун ар бири өзүнчө жаза чарасын түзүүгө өз салымын кошот жана алар өзүнчө бааланышы керек.

**Жаза дайындоонун атайын эрежелерин өркүндөтүү боюнча сунуштар.**

- мыйзамдын айрым беренелериндеги юридикалык-техникалык жоболорду аныктоо:
  1) жаза чараларын минималдаштыруучу жоболор;
  2) жаза чараларын максималдаштыруучу жоболор;
  3) атайын процедуралык жоболор.
- кылмыштын рецидивинин түрүнө жараша жазаны күчөтүү эрежелерин дифференциялоо;
- ЖКнын айрым беренелерине өзгөчө жазаларды дайындоонун атайын эрежелерин киргизүү;
- ЖКнын айрым беренелерине жазаларды алмаштыруу, эсепке алуу жана кошуу эрежелери үчүн колдонулган жазанын айрым түрлөрүнүн ортосундагы бирдей пропорцияларды киргизүү.

# 4. ЭРКИНЕН АЖЫРАТУУГА АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ ЖАЗАЛАРДЫ ДАЙЫНДОО БОЮНЧА СУДЬЯЛАР ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

Албетте, XXI кылым адам укуктарын урматтаган, белгиленген тажрыйбанын чегинен чыккан, эффективдүү жана натыйжалуу боло турган жана бүгүнкү күндө көпчүлүк өлкөлөрдө жазык-аткаруу тутумун чектеген тар чөйрөдөн чыгарган жазалардын жаңы түрлөрүн талап кылат жана ушул маселелерди көтөрөт.

Түрмөгө камоонун альрнативасы - ар бир заманбап жазык-аткаруу тутумдарынын маанилүү бөлүгү экендиги шексиз, себеби түрмөлөр кылмыштуулук менен күрөшүүнүнү натыйжалуу ыкмасы болуп саналбайт, ошондой эле жеке адам үчүн гана эмес, бүтүндөй коом үчүн терс социалдык кесепеттерге алып келет. Укук бузуучулардын көптөгөн санын эркиндигинен ажыратуу адекваттуу жазык саясаты да, мамлекет үчүн да татыктуу тандоо дагы эмес.

Мунун кесепети - социалдык байланыштардын бузулушуна, калктын ден-соолугунун жана коомдун моралдык климатынын начарлашына алып келүүдө. Бул көйгөйдүн экономикалык аспектиси дагы маанилүү, анткени "түрмө жаман адамды андан да жаман кылуу үчүн кымбат рахат" болот.

"Альтернативдүү жазалар" термини жакында эле пайда болду, бул кылмыштуулукка каршы күрөшүүнүн негизги каражаттарынын бири катары жазанын натыйжалуулугун жогорулатуу багытында улуттук жазык саясатын корректировкалоо менен байланышкан.

## Каралып жаткан өлкөлөрдөгү жазык укукка төмөнкүлөр альтернативдүү жазаларга кирет:

| Кыргызстан | Таджикистан | Өзбекстан |
|---|---|---|
| **Негизги** | | |
| Айып | Айып | Айып |
| Түзөтүү иштери | Түзөтүү иштери | Түзөтүү иштери |
| Коомдук иштер | Коомдук иштер | Милдеттүү коомдук иштер |
| | Эркиндигин чектөө | Эркиндигин чектөө |
| | Аскер кызматы боюнча чектөө | Кызматы боюнча чектөө |
| Белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу | Белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу | Белгилүү бир уктардан ажыратуу |
| **Кошумча** | | |
| Айып | Айып | |
| | Мүлкүн конфискациялоо | |
| Атайын аскердик, ардактуу наамдан, дипломатиялык рангдан же класстык чинден ажыратуу | Аскердик наамдардан, дипломатиялык рангдардан, наамдардан, атайын наамдардан, мамлекеттик сыйлыктардан жана ардактуу наамдардан ажыратуу | Аскер же атайын наамдардан ажыратуу |
| Мамлекеттик сыйлыктардан ажыратуу | Белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу | Белгилүү бир уктардан ажыратуу |
| **Тарбиялоочу** | | |
| Тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар | Тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар | Тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар |

| Медициналык | | |
|---|---|---|
| Медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар | Медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар | Медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар |
| **Башка жазык-укуктук мүнөздөгү чаралар (таасир этүүчү)** | | |
| | Жазаны шарттуу колдонбоо | Жазаны шарттуу колдонбоо |
| Шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу | Шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу | Шарттуу мөөнөтүнөн мурда бошотуу |
| Жазаны жеңилдетүү же аны кыйла жеңил түрдөгү жаза менен алмаштыруу | Жазанын өтөлө элек бөлүгүн жазанын кыйла жеңил түрүнө алмаштыруу | Жазаны кыйла жеңил түрүнө алмаштыруу |
| Белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу | Белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу | |
| | Кош бойлуу аялдар жана сегиз жашка чейинки балдары бар аялдар үчүн жазаны өтөөнү кийинкиге калтыруу | Оорусу боюнча же эмгекке жарамдуулугун жоготкондугунун натыйжасында жазадан бошотуу |
| Мүлктү конфискациялоо (алып коюу) | | |
| Материалдык зыяндын жана моралдык залалдын ордун толтуруу морального вреда | | |
| Чыгарып салуу | | |
| Пробациялык көзөмөл | | |

**Таблицадан эң чоң айырмачылыктар Кыргызстандын жазык мыйзамдарында камтылгандыгын көрсө болот:**

- мүлктү конфискациялоо - бул Тажикстан менен Өзбекстандагыдай жазанын түрү эмес, жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чарасы болуп саналат;
- чыгарып салуу дагы жазанын түрү эмес, жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чарасы болуп саналат;
- Тажикстан менен Өзбекстандан айырмаланып, шарттуу айыптоо жана жазаны өтөөнү кийинкиге калтыруу жок.

Пробация институту, түрмөгө камоонун эң натыйжалуу альтернативасы катары көптөгөн укуктук моделдерге кеңири белгилүү, карап жаткан өлкөлөрдүн ичинен, мыйзамдуу түрдө, Жазык кодексинин деңгээлинде, көзкарандысыз бөлүмдүн алкагында, Кыргызстанда гана бекитилген.

**Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык, пробациялык көзөмөл соттолгон адамга, сот төмөнкү көзөмөл талаптарын аткарууну жүктөйт:**

1. соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып он күндүн ичинде жашаган жери боюнча пробация органына келүүгө;
2. пробация органынын уруксатысыз өлкөнүн же административдик-аймактык бирдиктин чегинен чыкпоого;
3. пробация органына жашаган жери, иши же окуусу жөнүндө, ошондой эле алар өзгөргөндүгү тууралуу кабарландырууга;
4. пробация органынын кызматкеринин мыйзамдуу талабынын негизинде жумуш убактысында пробация органына мезгил-мезгили менен келип турууга;
5. жашаган жеринен кыска мөөнөткө чыгып кетүү зарылдыгы болгондо, пробация органынан уруксат алууга.

**Пробациялык көзөмөл чараларын колдонуу менен адамды жаза өтөөдөн бошоткон учурда сот төмөнкүдөй милдеттердин бирин же андан көбүрөөгүн соттолгон адамга жүктөйт:**

1. соттун өкүмү чыгарылганга чейин алдын ала макулдугу алынган, алкоголизмден, баңгиликтен, токсикоманиядан же башка адамдардын ден соолугуна коркунуч келтирген оорудан дарылануу курсун өтүү;
2. алкоголду ичпөө, баңгилик, психотроптук же уулуу заттарды колдонбоо;
3. белгилүү бир адамдар менен байланышпоо;
4. кылмыштын натыйжасында жабырлануучуга келтирилген зыяндын ордун сот аныктаган мөөнөттө толтуруу;
5. белгилүү бир жерлерге барбоо;
6. сутканын сот аныктаган убактысында жашаган жеринде болуу;
7. сот белгилеген мөөнөттө ишке орношуу же окууга өтүү;
8. пробация органы тарабынан дайындалган ресоциализация программаларына катышуу;
9. багуусунда турган адамдарды багуу боюнча милдеттерин жүзөгө ашыруу;
10. пробация органынын талабы боюнча сот тарабынан жүктөлгөн милдеттерди аткаргандыгы жөнүндө кабарлоо.

Сот өз ыктыяры боюнча соттолгон адамга аткарууну жана соттолгон адамды түзөтүүгө түрткү берүүчү башка пробациялык милдеттерди жүктөй алат.

**Таблицадан көрүнүп тургандай, жазык кодексте айыптар жана пробациядан тышкары,** үй камагына чыгаруу, түзөтүү жана коомдук иштерге тартуу, белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу, эркиндигин чектөө, шарттуу айыптоо  сыяктуу альтернативдүү эркиндигинен ажыратуунун башка жазалар бар, аларды биринчи жолу жашы жете электер тарабынан анча чоң эмес жана оор эмес кылмыш жасаганда  кеңири колдонуу зарыл.

**Белгилүү бир кызматты ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу** мамлекеттик кызматта, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында белгилүү бир кызматтарды ээлөөгө, же айрым кесиптик же башка иш-аракеттерди жүргүзүүгө тыюу салуудан турат.

**Түзөтүү жумуштары эки айдан эки жылга чейинки мөөнөткө дайындалат жана соттолуучунун иштеген жери боюнча өтөлөт.** Чегерүүлөр соттолгон адамдын иштеп тапкан кирешесинен мамлекеттин кирешесине соттун өкүмү менен белгиленген өлчөмдө, 10 пайыздан 30 пайызга чейин (Таджикстан – ЖК 52-бер., Өзбекстан – ЖК 46-бер.), 20 пайыздан 25 пайызга чейин  (Кыргызстан -  ЖК  67-бер) жүргүзүлөт. Эреже катары, түзөтүү иштери туруктуу жумушу жок же окуу жайларында өндүрүштөн ажыратуу менен окуп жаткан майыптарга, кош бойлуу аялдарга, аскер кызматкерлерине, пенсия курагына жеткен адамдарга дайындалбайт.

**Кооомдук (милдеттүү) иштер** соттолгондор бош убактысында негизги жумушунан же окуусунан бош убактысында коомдук пайдалуу эмгекти аткаруудан турат, анын түрүн жергиликтүү аткаруу органдары аныктайт. Коомдук иштердин мөөнөтү 120 сааттан 480 саатка чейин (Өзбекстан - ЖК 45-1-бер.), 60тан 240 саатка чейин (Тажикстан - ЖК 48-бер. 1-пункту) жана төрт сааттан ашык эмес болот.  Жазанын бул түрү кош бойлуу аялдарга, ошондой эле бала багуу боюнча өргүүдө жүргөн аялдарга жана эркектерге, пенсия курагына жеткен адамдарга, аскер кызматчыларына, 1 же 2-топтогу майыптарга дайындалбайт.

Коомдук иштердин салыштырмалуу популярдуулугунун себеби, ал жазалоо тутумунда ортоңку орунду ээлеген кыйла жумшак жаза, ошондуктан ишенимдүү санкция катары кабыл алынат. Коомдук иштер эркинен ажыратуу менен байланышкан эффекттерсиз жана бир эле учурда укук бузуучуга көзөмөл алдында аткарган жумушунан пайда табуу мүмкүнчүлүгүн берген, жазанын так аспектисине ээ, ошондой эле аны эң кеңири тараган жазык укук бузууларга колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

**Эркиндигин чектөө  (Таджикстан –ЖК 54-бер., Өзбекстан -  ЖК 48-1-бер.)**  сот тарабынан соттолуучунун эркиндигин чектеген белгилүү бир милдеттерди жүктөөдөн турат, жана анын жашаган жери боюнча адистештирилген органдын көзөмөлү астында өтөт. Сот соттолуучуга эркиндигин чектөөгө кошуп, анын түзөлүшүнө салым кошкон башка милдеттерди аткарууну жүктөй алат:  алкоголизмден, баңгиликтен, токсикоманиядан дарылоо курсунан өтүү, үй-бүлөгө материалдык колдоо көрсөтүү ж.б. Бул жаза оор жана өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адамдарга, аскер кызматкерлерине жана туруктуу жашаган жери жок адамдарга карата колдонулбайт.

**Жазанын жалпы принциптерине ылайык, жасалган кылмыш үчүн каралган жазанын ичинен кыйла оор түрү, эгерде жазанын жеңил түрү жазанын максаттарына жетүүнү камсыз кыла албаса гана дайындалат.** Эгерде жазык мыйзамынын санкцияларында эркиндигинен ажыратуу менен бирге жазанын башка түрлөрү каралса, соттун эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындоо жөнүндө чечими өкүмдө негизделиши керек.

Жаза колдонууда **күнөөлүүнүн инсандыгы жөнүндө маалыматты** эске алуу керек, ага кылмыштын курамына жараша юридикалык мааниге ээ маалыматтар жана мыйзамда белгиленген айрым категориядагы адамдардын жазык жоопкерчилигине жана жазаланышынын өзгөчөлүктөрү, ошондой эле соттун өкүмүнүн карамагында турган соттолуучунун инсандыгын мүнөздөгөн маалыматтар кирет.  Аларга, атап айтканда, соттолуучунун үй-бүлөсү жана мүлктүк абалы, ден-соолугунун абалы, күнүмдүк жашоодогу жүрүм-туруму, анын багуусунда турган жашы жете элек балдары же башка майып адамдар (аялы, ата-энеси, жакын туугандары) бар же жок экендиги жөнүндө маалыматтар камтылышы мүмкүн.

Кылмыштын коомдук коркунучунун мүнөзү, кол салуу объектисин, күнөөнүн формасын жана кылмыштын категориясын эске алуу менен мыйзамга ылайык аныкталат, ал эми **кылмыштын коомдук коркунучунун даражасы** - укук бузуунун конкреттүү жагдайларына жараша, атап айтканда, келтирилген зыяндын өлчөмү жана кесепеттеринин оордугу, кылмыштуу ниетти жүзөгө ашыруунун даражасы, кылмышты жасоо ыкмасы, кошо катышууда жасалган кылмыштагы соттолуучунун ролу, ЖКнын Өзгөчө бөлүгүнүн беренелеринин санкцияларына ылайык кыйла катуу жаза алып келүүчү жагдайлардан көз каранды.

**Белгиленген жазанын** соттолгон адамды түзөтүүгө жана анын үй-бүлөсүнүн жашоо шартына **таасирин** эске алуу керек (мисалы, соттолгондун үй-бүлө мүчөлөрү жаш курагына байланыштуу жашоо тиричилигин жоготушу мүмкүн,  ден-соолуктун абалы ж.б.).

## Жаза дайындоонун алгоритми




Жаза дайындоо жөнүндө чечим кабыл алуу – бул тапшырма. Ар кандай тапшырмаларды чечүү процесси жөнөкөйлөтүлгөн модель түрүндө берилиши мүмкүн: “маалымат алуу - маалыматты талдоо - чечим кабыл алуу - чечимди ишке ашыруу”. Бул моделдин негизги түзүүчүсү - субъекттин алган маалымат (“кирүү”) жана ал кабыл алган чечим (“чыгуу”). Көрсөтүлгөн эки түзүүчү тең чечилип жаткан тапшырманын татаалдыгынын деңгээлин аныктайт, ал үч типте болушу мүмкүн: стереотиптик, диагностикалык жана эвристикалык. Стереотиптүү тапшырмалардын бир гана чечими бар жана алар механикалык жол менен аткарылат. Диагностикалык тапшырмалар буга чейин бар болгон бир нече варианттан оптималдуу чечимди тандап алууну жана аны кошумча оңдоону талап кылат. Эвристикалык тапшырмалар чыгармачыл мамилени камтыйт, анткени алардын окшоштору жок.

Бул аныктамаларга ылайык, акыйкат жазаны дайындоо диагностикалык милдеттердин категориясына кирет. Маалымат теориясынын позициясынан алганда, стереотиптүү тапшырмалардын катаал алгоритмге ээ, диагностикалык - адаптациялык; эвристикалык нерселер алгоритмдик эмес деп айтууга болот. Жыйынтыгында, жаза дайындоо процесси алгоритмделиши мүмкүн дегенди билдирет, бирок алынган алгоритм белгилүү бир адаптациялык өзгөчөлүктөргө ээ болот - колдонуу процессинде түзөтүүлөрдү талап кылат. Так ушул факт так формалдашкан эмес, жаза өтөөгө ченемдик ыкманы гана түзүү зарылчылыгын алдын-ала аныктайт.

Алгоритмдердин теориясынын жалпы маалыматтарынын негизинде жазаны дайындоонун жазык-укуктук алгоритминин түшүнүгү түзүлгөн, аны жаза дайындоочу субъекттин иш-аракетинин ыкмасы жана эрежелери, изделүүчү жыйынтыкты табуу процессин аныктоо-жазалоо чаралары, баштапкы маалыматтарга туура келген – күнөлүүнүн кылмыштуу жүрүм-туруму деп түшүнүү керек.

Судьялар үчүн жазык жазаларды дайындоо боюнча методология жазык жазаларды дайындооо жөнүндө сунуштарды-эрежелерди өзүнө камтыйт: жаза дайындоонун жалпы башталышын колдонуу; жаза дайындоонун атайын материалдык эрежелери; кылмыштуу жосундун коомдук коркунучун жана күнөлүүнүн инсандыгын баалоо; сот тарабынан кабыл алынган чечимди тариздөө жана пайдалануу боюнча.

**Жазык жазасын жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайлар болгондо дайындоо (Кыргызстан - ЖК 73, 74, 75-бер., Таджикстан - ЖК 61, 62-бер., Өзбекстан – ЖК 55, 56-бер.).**

| Кыргызстан | Таджикстан | Өзбекстан |
|---|---|---|
| | **Жеңилдетүүчү жагдайлар** | |
| Ак ниети менен өкүнүү же кылмышты ачууга жигердүү көмөк көрсөтүү | Биринчи жолу кылмыш жасоо | Күнөөсүн мойнуна алуу менен келүү, ак ниети менен өкүнүү же кылмышты ачууга жигердүү көмөк көрсөтүү |
| Келтирилген зыяндын ордун ыктыярдуу түрдө толтуруу же келтирилген зыянды четтетүү | Күнөөлүүнүн жашы жетелектиги | Келтирилген зыяндын ыктыярдуу калыбына келтирүү |
| Жеке, үй-бүлөлүк, экономикалык жана топтолгон башка оор жагдайлардан улам кылмыш жасоо | Кош бойлуулук | Жеке, үй-бүлөлүк же башка жагдайлардан улам кылмыш жасоо |
| Материалдык, кызматтык же башка көз карандылыктан улам кылмыш жасоо | Күнөөлүүнүн кичинекей балдарынын бар болуусу | Мажбурлоодон улам же материалдык, кызматтык же башка көз карандылыктан улам кылмыш жасоо |
| Жашы жетелектердин кылмыш жасашы | Кыйын жашоо шарттарынан улам же боорукердиктен улам кылмыш жасоо | Зордук-зомбулуктан, катуу кемсинтүүдөн жана жабырлануучунун башка мыйзамсыз аракеттеринен улам келип чыккан күчтүү психикалык толкундануу абалында кылмыш жасоо |
| Кош бойлуу абалдагы аялдын кылмыш жасашы | Зордук-зомбулуктан, катуу кемсинтүүдөн жана жабырлануучунун башка мыйзамсыз аракеттеринен улам келип чыккан күчтүү психикалык толкундануу абалында кылмыш жасоо | Зарыл коргонуунун, өтө зарылчылыктын мыйзамдуулугунун чегинен ашыкча кылмыш жасоо, коомдук коркунучтуу иш-аракет жасаган, негизделген кесиптик же экономикалык тобокелдик жасаган адамды камакка алуу учурунда зыян келтирүү |

| | | |
|---|---|---|
| | Зарыл коргонуу чектеринен ашып кеткенде кылмыш жасоо, кылмыш жасаган адамды камакка алуу, эгерде өтө зарыл болсо, негиздүү тобокелчилик, буйрукту же көрсөтмөнү аткаруу | Жашы жетелек тарабынан кылмыш жасоо |
| | Физикалык же психикалык мажбурлоонун таасиринде же материалдык, кызматтык же башка көзкарандылык менен кылмыш жасоо | Кош бойлуу аял тарабынан кылмыш жасоо |
| | Күнөөсүн мойнуна алуу менен келүү, ак ниет өкүнүү, кылмыштын бетин ачууга, кылмыштын башка катышуучуларынын бетин ачуу жана кылмыштын натыйжасында алынган мүлктү издөөгө жигердүү жардам берүү | Жабырлануучунун мыйзамсыз же адеп-ахлаксыз жүрүм-турумунун таасири астында кылмыш жасоо |
| | Жабырлануучуга кылмыш жасалгандан кийин дароо медициналык жана башка жардам көрсөтүү, жабырлануучуга келтирилген материалдык жана моралдык зыяндын ордун ыктыярдуу толтуруу | |
| **Оордотуучу жагдайлар** | | |
| Адамдардын тобу же адамдардын тобу тарабынан сүйлөшүүлөр боюнча кылмыш жасоо | Кайталап кылмыш жасоо, рецидив, кесип түрүндө кылмыш жасоо | Кылмышкер аялдын кош бойлуу экендигин белгилүү менен ага карата кылмыш жасоо |

| | | |
|---|---|---|
| Кылмышты расалык, этностук, улуттук, диний же аймактар аралык касташуунун (араздашуу) айынан жасоо | Кылмыш менен оор кесепеттерге алып келүү | Жашы жете элек, улгайган адамга же алсыз абалда калган адамга карата |
| Кылмыш аркылуу оор зыян келтирүү | Адамдардын тобунун, алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобунун, уюшкан топтун же кылмыштуу коомдоштуктун (кылмыштуу уюмдун) курамында кылмыш жасоо | Кызматтык же жарандык милдетин аткарууга байланыштуу адамга же анын жакын туугандарына карата |
| Жаш бала, жашы жетелек экендигин, майып экендигин, карыган адам же алсыз абалдагы адам экендигин билип туруп, аларга карата кылмыш жасоо | Кылмыш жасоодо өзгөчө активдүү ролу | Кылмышкерге материалдык, кызматтык же башка көз каранды болгон адамга карата |
| Аялдын кош бойлуу экендигин билип туруп, күнөөлүү тарабынан ага карата кылмыш жасоо | Кылмыш жасоого кылмышкерди билип туруп, психикалык жактан оор дартка чалдыккан же мас абалында болгон адамдарды, ошондой эле жашы жете электерди тартуу | Өзгөчө мыкаачылык менен |
| Күнөөлүүдөн материалдык, кызматтык же башка көз карандылыкта болгон адамга карата кылмыш жасоо | Жергиликтүү улуттук, расалык же диний жек көрүүчүлүк, диний фанатизм, башкалардын мыйзамдуу иш-аракеттери үчүн өч алуу, ошондой эле башка кылмышты жашыруу же анын жасалышына көмөктөшүү максатында кылмыш жасоо | Жалпыга коопту ыкма менен |

| | | |
|---|---|---|
| Жин оорусунун, убактылуу психикасынын бузулушунун, акыл-эси кемдигинин же психикасынын оорулуу абалынын айынан өзүнүн аракетин (аракетсиздигин) биле албаган же жетектей албаган адамды кылмыш жасоого азгыруу (шыкактоо), ошого тете мындай адамды кылмыш жасоо үчүн пайдалануу | Кош бойлуу аялга билип туруп, ошондой эле жашы жете элек, бойго жете элек адам, башка корголбогон же жардамсыз адамга же кылмышкерге көз каранды адамга каршы кылмыш жасоо | Кылмышкер тарабынан жашы жете элек баланы же психикалык жактан жабыркагандыгы белгилүү болгон адамды колдонуу |
| Жабырлануучуга өзгөчө мыкаачылык менен кылмыш жасоо | Кызматтык жана коомдук ишмердүүлүгүн аткарууга байланыштуу адамга же анын жакын туугандарына каршы кылмыш жасоо | Оор кесепеттерге алып келген |
| Өзгөчө кырдаал же согуштук абал шарттарында же коомдук кырсыктын шарттарында кылмыш жасоо | Анттын же кесиптик анттын бузуу менен, адам тарабынан кылмыш жасоо | Коомдук кырсыктын шарттарын же өзгөчө кырдаал учурунда же массалык башаламандык учурунда пайдалануу |
| Жалпыга коркунуч келтирген ыкма менен кылмыш жасоо | Жабырлануучуну өзгөчө ырайымсыздык, садизм, бейбаштык же кыйноо менен кылмыш жасоо | Ач көздүк же башка арам ойлор менен |
| Адам тарабынан мас абалында кылмыш жасоо | Куралды, ок-дарыларды, аскер техникасын, жарылуучу заттарды, жарылуучу же жасалма шаймандарды, атайын жасалган техникалык каражаттарды, уулуу жана радиоактивдүү заттарды, дары-дармек жана башка химиялык жана фармакологиялык препараттарды колдонуу | Расалык же улуттук кастыктын же араздашуунун негизинде |

| | | |
|---|---|---|
| | менен же коомдук коркунучтуу жол менен кылмыш жасоо | |
| | Өзгөчө кырдаалдын шарттарын, табигый же башка коомдук кырсыктарды колдонуп, ошондой эле массалык баш аламандык учурунда кылмыш жасоо | Топ адамдардын, уюшкан топтун же кылмыштуу жамааттын алдын-ала сүйлөшүүсү  боюнча |
| | Алкоголдук, баңги мас абалында же психотроптук жана башка мас кылуучу заттардын таасири астында кылмыш жасоо | Мурда атайылап жасаган кылмыш үчүн соттолгондон кийин бир нече жолу же жаңы атайылап кылмыш жасоо |
| | Ата-энелерге каршы атайылап кылмыш жасоо | Алкоголдук мас абалында же баңги каражаттарынын, алардын аналогдору, психотроптук же интеллектуалдык-эрктик иш-аракетке таасир этүүчү башка заттардын  таасири астында |
| | Ач көздүк же башка арам ойлор менен кылмыш жасоо | |

Жазаны жеңилдетүүчү жагдайлар -  бул сотко, ЖКнын атайын бөлүгүнүн санкциясынын чегинде, жазанын эң адилеттүү түрүн жана өлчөмүн, эреже боюнча, анын минималдуу мөөнөтүнөн жана өлчөмүнөн төмөн тандап алууга мүмкүнчүлүк берген жагдайлар. Каралып жаткан өлкөлөрдүн жеңилдетүүчү жагдайларынын келтирилген тизмелеринин толук эмес, болжолдуу болушу принципиалдуу мааниге ээ. Сот өзүнүн ыктыяры боюнча кайсы болбосун башка жагдайларды жеңилдетүүчү деп таанууга укуктуу.

Оордотуучу жагдайлардын болушу ЖКнын  Атайын бөлүгүнүн тийиштүү беренесинин санкциясынын чегинде күнөөлүү адамдарга салыштырмалуу кыйла оор жаза колдонууга негиз болот. Жазаны оордотуучу жагдайлардын тизмеси толук жана кеңири чечмелөөгө жатпайт жана алардын белгилениши жазаны индивидуалдаштыруу маселесин туура чечүү үчүн өтө маанилүү.

Белгилей кетүүчү жагдай, Өзбекстан менен Кыргызстандын Жазык кодекстеринде жазаны жеңилдетүүчү жагдайлардын жыйындысында колдонуу тартибин жөнгө салган өзүнчө эрежелер каралган.

Өзбекстанда 57-1-бер. Ак ниет өкүнүүдө жаза дайындоо. Күнөөсүн мойнуна алганда, чын жүрөктөн өкүнгөндө же кылмыштын бетин ачууда жигердүү жардам көрсөтүлгөндө, келтирилген зыяндын ордун өз ыктыяры менен толтурганда жана жазаны оордотуучу жагдайлар жок болсо, жазанын мөөнөтү же өлчөмү ЖКнын Атайын бөлүгүнүн тийиштүү беренесинде каралган эң жогорку жазанын 2/3 бөлүгүнөн ашпашы керек. Бул эреже оордотуучу жагдайларда атайын адам өлтүргөн адамдарга жана терроризмге карата колдонулбайт.

Кыргызстанда 74-бер. Жеңилдетүүчү жагдайлардын жыйындысында жазаны дайындоо. Эгерде адам кылмыш жасагандан кийин анын бетин ачууга активдүү көмөк көрсөтсө, келтирилген мүлктүк залалды жарым-жартылай же толугу менен ордун толтурса, же болбосо жымсалдаса, анда болбогон оордотуучу жагдайларда, жазанын мөөнөтү жана өлчөмү бул кылмыш үчүн ЖКнын Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренесинде каралган жазанын катуураак түрүнүн өлчөмүнөн же максималдуу мөөнөтүнүн төрттөн үч бөлүгүнөн ашык болбоого тийиш.

## Кыйла жеңил жазаны дайындоо (Таджикстан – ЖКнын 63-бер., Өзбекстан ЖКнын 57-бер.).

| Негиздер | Жагдайлардын жазага таасири |
|---|---|
| • өзгөчө жагдайлардын болушу (жеңилдетүүчү өзүнчө жагдай, жана ушундай жагдайлардын жыйындысы), кылмыштын максаттарына жана жүйөлөрүнө, күнөөлүүнүн ролуна, кылмыш жасаган учурда же андан кийин анын жүрүм-турумуна жана кылмыштын коомдук коркунучтуулугунун деңгээлин олуттуу төмөндөтүүчү башка жагдайларга байланыштуу;<br>• бул кылмыштын бетин ачууда топтук кылмыштын мүчөсүнүн активдүү жардамы | • сот төмөнкү чектен төмөн жаза колдонушу мүмкүн; жаза ЖКнын Жалпы бөлүгүнүн чегинде дайындалат;<br>• сот ЖКнын Атайын бөлүгүнүн беренесинде каралгандан жазанын жеңил түрүн колдонушу мүмкүн;<br>• сот милдеттүү түрдө каралган жазанын кошумча түрүн колдонбой кое алат. |

## Аякталбаган кылмыш үчүн жазаны дайындоо (Кыргызстан – ЖКнын 76-бер., Таджикстан - ЖКнын 64-бер., Өзбекстан – ЖКнын 58-бер.)

| Негиздер | Жазага стадиянын таасири |
|---|---|
| **Жагдайлар** | |
| Кылмыштын аягына чыкпай калган жагдайлары эске алынат (жабырлануучуга өз убагында жардам көрсөтүү, ката кетирүү ж.б.) | |
| **Стадиялар** | |
| Кылмышты даярдоо стадиясында | • жазанын мөөнөтү же өлчөмү жасалган кылмыш үчүн каралган жазанын эң оор түрүнүн эң жогорку мөөнөтүнөн же өлчөмүнөн ½ ашпашы керек (Кыргызстан, Таджикстан)<br>• өлүм жазасы жана өмүр бою эркинен ажыратуу дайындалбайт |
| Кылмышка аракеттенүү стадиясында | • жазанын мөөнөтү же өлчөмү жасалган кылмыш үчүн каралган жазанын эң оор түрүнүн эң жогорку мөөнөтүнөн же өлчөмүнөн ¾ ашпашы керек<br>• өлүм жазасы жана өмүр бою эркинен ажыратуу дайындалбайт |

Өзбекстанда аякталбаган кылмыш үчүн жаза дайындоо эрежелери айырмаланат.

ӨРнын ЖКнын 58-бер. ылайык кылмышка даярдык көргөндүгү жана кылмышка аракеттенүү үчүн жазанын мөөнөтү же өлчөмү Өзбекстан Республикасынын ЖКнын Атайын бөлүгүнүн тиешелүү беренесинде каралган жазанын эң жогорку мөөнөтүнөн ¾ ашпашы керек. Бул эрежелер өзгөчө коркунучтуу рецидивисттерге, уюшкан топтун же кылмыштуу коомдун мүчөлөрүнө карата колдонулбайт: тынчтыкка жана коопсуздукка каршы аякталбаган кылмыштар үчүн, ошондой эле оордотуучу жагдайларда атайылап өлтүрүү, жабырлануучу 14 жашка чыга электигин күнөөлүү билип туруп зордуктоо же табигый эмес мүнөздөгү сексуалдык каалоону мажбурлап канааттандыруу, массалык кыргын салуучу куралдардын ядролук, химиялык, биологиялык жана башка түрлөрүн, аны жасоодо билип туруп колдоно турган материалдарды, жабдууларды, радиоактивдүү материалдардын контрабандасы менен байланышкан кылмыштар.

**Кошо катышууда жасалган кылмышка жаза дайындоо (Кыргызстан - ЖКнын 77-бер., Таджикстан - ЖКнын 65-бер., Өзбекстан - 58-бер.).**

| Бардык кошо катышуучулар үчүн эске алынуучу жагдайлар | Ар бир кошо катышуучу үчүн өзүнчө эске алынуучу жагдайлар |
|---|---|
| • кошо катышууда кылмыш жасоодо адамдын фактылай катышуусунун мүнөзү жана даражасы;<br>• кылмыштын максатына жетүү үчүн катышуунун маанилүүлүгү;<br>• катышуунун келтирилген же келирилүүгө мүмкүн болгон зыяндын мүнөзүнө жана көлөмүнө тийгизген таасири. | • кошо катышуучулардын биринин инсандыгына тиешелүү жеңилдетүүчү же оордотуучу жагдайлар - ушул кошо катышуучуга гана жаза колдонууда эске алынат |

**Кылмыш рецидивинде жаза дайындоо (Таджикстан - ЖКнын 66-бер.).**

| Эмне эске алынат | Рецидивдин жазага таасири |
|---|---|
| • рецидивдин бардык түрү (жөнөкөй, коркунучтуу, өзгөчө коркунучтуу);<br>• мурда жасалган кылмыштардын коомдук коркунучунун мүнөзү жана даражасы;<br>• мурунку жазанын түзөтүүчү таасири жетишсиз болгон жагдайлар;<br>• кайра жаңы жасалган кылмыштардын коомдук коркунучунун мүнөзү жана даражасы | • Жазанын мөөнөтү жазанын эң оор түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн жарымынан кем болбойт; коркунучтуу рецидивде – үчтөн экисинен кем эмес, өзгөчө коркунучтуулда – жазанын эң оор түрүнүн минималдуу мөөнөтүнүн төрттөн үчүнөн кем эмес.<br>• Соттун каалоосу боюнча жазанын мөөнөтү ЖКнын Атайын бөлүгүнүн беренесинин санкциясынын чегинде белгилениши мүмкүн.<br>• Соттун каалоосу боюнча ушул кылмыш үчүн каралган жазадан жеңилирээк жаза колдонулушу мүмкүн |

**Кылмыштардын жыйындысы боюнча жаза дайындоо (Кыргызстан - ЖКнын 78-бер., Таджикстан – ЖКнын 67-бер., Өзбекстан – ЖКнын 59-бер.).**

| 1-этап | |
|---|---|
| Жаза ар бир кылмыш үчүн өзүнчө дайындалат | Ушул этапта жаза жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды, өзгөчө жагдайларды, кылмыштын баскычын жана мүмкүн болгон рецидивди эске алуу менен, жазанын жалпы башталышына ылайык, ар бир кылмыш үчүн өзүнчө дайындалат. |
| **2-этап** | |
| Кылмыштардын жыйындысы боюнча жазаны дайындоо процедурасы тандалат | эгерде **кылмыштардын жыйындысы боюнча жасалган** кылмыштардын бардыгы орто же оор эмес кылмыштар болсо, анда үч процедуранын бири тандалат (сиңирүү, жарым-жартылай же толук бириктирүү)<br>эгерде кылмыштардын бири гана оор же өзгөчө оор кылмыш болсо, эки процедуранын бири тандалат (жарым-жартылай же толук бириктирүү) |
| | **Сиңирүү** - кыйла жеңил процедура, анда эң оор негизги жаза башкаларды сиңирет |
| | **Жарым-жартылай бириктирүү** - эң оор негизги жаза башка жазалардын бир бөлүгү менен кошулат. Мында акыркы негизги жаза өзүнчө кылмыш үчүн берилген эң оор жазадан чоңураак болуш керек жана толук бириктирүүдөн алынган жазадан азыраак болушу керек. |
| | **Толук бириктирүү** - кыйла катуу процедура, анда акыркы негизги жаза ар бир кылмыш үчүн дайындалган ар бир негизги жазаны кошуу жолу менен аныкталат. |

| 3-этап | |
|---|---|
| Акыркы жаза дайындалат | эркиндигинен ажыратуу түрүндө акыркы жаза жасалган кылмыштардын эң оору үчүн эркинен ажыратуунун эң жогорку жазасынын жарымынан ашпашы керек;<br><br>эркиндигинен ажыратуу түрүндө акыркы жаза ЖКде белгиленген чектен жогору болбойт;<br><br>акыркы негизги жазага кошумча жаза бириктирилиши мүмкүн. Акыркы кошумча жаза ЖКнын Жалпы бөлүгүндөгү жазанын ушул түрү үчүн каралган максималдуу мөөнөттөн же өлчөмдөн жогору болбойт;<br><br>акыркы жазанын мөөнөтү жана өлчөмү ЖКнын тийиштүү беренелеринин жоболорун эске алуу менен аныкталат; |
| Эгерде сот иш боюнча чечим чыгаргандан кийин, соттолгон адам биринчи иш боюнча соттун өкүмү чыкканга чейин жасалган башка кылмышка дагы күнөөлүү экендиги аныкталса, ушул эле эрежелерге ылайык жаза колдонулат. Бул учурда акыркы жазада биринчи өкүм боюнча өткөн жаза эсептелет. | |

**Өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоо (Кыргызстан – ЖКнын 79-бер., Таджикстан – ЖКнын 68-бер., Өзбекстан – ЖКнын 60-бер.).**

| 1-этап | |
|---|---|
| Жаңы жасалган кылмыштар үчүн жаза дайындоо | Бул этапта жаза жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды, өзгөчө жагдайларды, кылмыштын баскычын жана мүмкүн болгон рецидивди эске алуу менен, жазанын жалпы принциптерине ылайык, ар бир кылмыш үчүн өзүнчө жаза дайындалат (Таджикстан үчүн).<br><br>Кылмыштардын жыйындысы болгон учурда, башында ар бир кылмыш үчүн жаза өзүнчө дайындалат, андан кийин бардык жаңы жасалган кылмыштар үчүн ЖКнын тиешелүү беренелери боюнча акыркы жаза дайындалат. |

| 2-этап | |
|---|---|
| Өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоо процедурасы тандалып алынат | **Толук бириктирүү** – эң катаал процедура, анда мурдагы өкүм боюнча дайындалган жазанын өтөлбөгөн бөлүгүн толугу менен кошуу аркылуу акыркы жаза аныкталат.<br><br>**Жарым-жартылай бириктирүү** - кыйла жеңил процедура, анда соттун мурдагы өкүмү боюнча дайындалган жазанын өтөлбөгөн бөлүгүн жарым жартылай кошуу аркылуу акыркы жаза аныкталат. |
| **3-этап** | |
| Акыркы жаза дайындалат | өкүмдүн жыйындысы боюнча дайындалган акыркы жаза кайрадан жасалган кылмыш үчүн дайындалган жаза катары, ошондой эле мурдагы өкүм боюнча дайындалган жазанын өтөлбөгөн бөлүгү катары көбүрөөк болууга тийиш;<br><br>эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү акыркы жаза ЖКнын тиешелүү беренелеринде белгиленген чектен ашпашы керек;<br><br>өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча акыркы негизги жаза, эгерде эркиндигинен ажыратууга караганда анча оор эмес болсо ЖКнын Жалпы бөлүгүнүн жазанын ушул түрү үчүн каралган эң жогорку мөөнөттөн же өлчөмдөн ашпашы керек;<br><br>акыркы кошумча жаза максималдуу мөөнөттөн жана өлчөмдөн же ЖКнын Жалпы бөлүгүндө ушул жазанын түрү үчүн каралган өлчөмдөн ашпашы керек;<br><br>акыркы жазанын мөөнөтү жана өлчөмү ЖКнын тийиштүү беренелеринин жоболорун эске алуу менен аныкталат. |

## Жазаларды бириктирүүдө, жаза мөөнөттөрүн эсептеп чыгаруу жана жазаларды эсепке алууда жаза мөөнөтүн аныктоонун эрежелери (Кыргызстан - ЖКнын 81, 82-бер., Таджикстан - ЖКнын 69, 70-бер., Өзбекстан - ЖКнын 61, 62, 63-бер.)

| Мөөнөтүн аныктоо тартиби |
|---|
| белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу, түзөтүү жумуштары, аскердик кызматты чектөө, эркиндигин чектөө, мажбурлап иштетүү, камакка алуу, тартиптик аскер бөлүгүндө кармоо, эркиндигинен ажыратуу шарттары айлар жана жылдар менен эсептелет, ал эми милдеттүү жумуштар - саат менен.<br>жазаны алмаштырганда же жазаларды кошкондо, ошондой эле жазаны эсепке алууда жазанын мөөнөттөрү күндөр (сутка) менен эсептелет. |

| Жаза мөөнөттөрүн эсептеп чыгаруу жана жазаларды эсепке алуу тартиби | | |
|---|---|---|
| Жаза мөөнөттөрүн эсептеп чыгаруу жана жазаларды эсепке алуу тартиби | 240 саат милдеттүү жумуш барабар | = 1 ай эркиндигинен ажыратууга<br>= 2 ай эркиндигин чектөөгө<br>= 3 ай түзөтүү иштерге же аскер кызматынан чектөөгө |
| Соттук териштирүүгө чейин адамды камакка кармоо убактысы төмөнкүдөй эсепте жазанын мөөнөтүнө эсептелет: | 1 күн эркиндигинен ажыратуу барабар<br>1 күн камакка алуу барабар | = 1 күн мажбурлап иштетүү, камакка алуу же тартиптик аскер бөлүгүндө кармоого;<br>= 2 күн эркиндигин чектөөгө<br>= 3 күн түзөтүү иштерге же аскер кызматынан чектөөгө<br>= 8 саат коомдук иштерге |

| |
|---|
| Соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин **адамды камакта кармоо убактысы** жана каралып жаткан өлкөлөрдүн чегинен тышкары жерде жасалган кылмыш үчүн соттун өкүмү менен белгиленген эркиндигинен ажыратуу жазасын өтөө убактысы, ал адам экстрадицияланган учурда, 1 күн үчүн 1 күн эсептелет. |
| айып салуу же белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу, атайын, аскердик же ардактуу наамдан, класстык чинден жана мамлекеттик сыйлыктардан ажыратуу, эгерде алар эркиндигин чектөөгө кошулса, тартиптик аскер бөлүгүндө кармалууда, эркиндигинен ажыратуу өз алдынча аткарылат. |

соттолгонго чейин камакта отурган, белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратылган соттолгон адамга негизги жаза катары айып салганда, сот камакта болуу мөөнөтүн эске алып, берилген жазаны жеңилдетет же аны бул жазаны өтөөдөн толугу менен бошотот.

## Альтернативдүү жазалар түшүнүгү жана аларды колдонуу

Коомдон обочолонтуунун ордуна альтернатива түрүндөгү жазаны дайындоо жаза дайындоонун ушул эле этаптарын жана сот тарабынан эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза менен эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазанын ортосунда тандоону болжолдойт.

Кыргызстанда, Тажикстанда жана Өзбекстанда тарыхты эске алуу менен, жазык кылмыш жасоого айып коюлган адамдар кылмыштын оордугуна карабастан, милдетттүү түрдө түрмөгө камалышы керек деген түшүнүк дагы деле болсо кеңири тараган. Бул позиция жазаны катаалдаштыруу кылмыштуулуктун деңгээлин төмөндөтөт деген жаңылыш ойго негизделген.

Азыркы учурда, кылмыштуулуктун алдын алуу приоритеттерин жана ыкмаларын өзгөртүү көйгөйү айкын болуп калды. Практика көрсөткөндөй, түрмөгө отургузуу ар дайым эле кылмыштуу саясаттын максаттарына жетүү үчүн зарыл жана адекваттуу шарт боло бербейт. Жазанын бул түрү кылмышкерлердин таптакыр башка категорияларына, анын ичинде коомчулукка чоң коркунуч келтирбегендерге карата гана колдонулат.

Ошол эле учурда, каралып жаткан өлкөлөрдө, сот адилеттигинин арсеналында расмий түрдө бир катар альтернативдик жазалардын болушуна карабастан (айып салуу; белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу; атайын, аскердик же ардактуу наамдан, класстык чинден жана мамлекеттик сыйлыктардан ажыратуу; коомдук иштер; түзөтүү жумуштары; эркиндикти чектөө; аскер кызматын чектөө) альтернативдүү жазаларды кеңири колдонуу практикасы жок.

Ушуга байланыштуу чет өлкөлүк тажрыйба абдан баалуу. Жазаны альтернатива катары классификациялоонун критерийлери болуп коомдон обочолонтуу эмес, соттолуучуга таасир этүүнүн башка механизмдери саналат.

Негизги жазанын статусу, ага ылайык, кылмыш жасоого күнөөлүү деп таанылган адамдын жоопкерчилик чарасын аныктоодо бирдей негизде эркиндигинен ажыратуу менен бирге кароо жана башка кылмыштуу жосундар үчүн аны менен параллелдүү эмес, эркиндигинен ажыратуунун ордуна колдонулушу мүмкүн болчу. “Альтернативдүү жаза” термининин маңызы ушунда камтылган, аны укук колдонуучу дайыма туура түшүнө бербейт. Бул учурда кошумча гана болуучу жаза эсепке алынбайт, башкача айтканда, негизги жазаны толуктоо менен, кумулятивдик санкцияны курууда жана колдонууда жекелештирүү каражаты болуу. Аларга атайын, аскердик же ардактуу наамдан, класстык чинден жана мамлекеттик сыйлыктардан ажыратуу кирет.

**Түрмөгө камоонун альтернативаларын киргизүү жана колдонуу боюнча негизги аргументтер:**

1. эркиндигинен ажыратууга салыштырмалуу алардын гумандуу мүнөзү;
2. кеңири мүмкүнчүлүктөрдүн жана социалдык кайра калыбына келтирүү үчүн жагымдуу шарттардын эсебинен атайын превенцияга жетишүүдө жогорку натыйжалуулугу;
3. эркинен ажыратууну аткарууга караганда жогорку үнөмдүүлүгү .

**Альтернативдүү жазаларды дайындоону жакшыртуу боюнча сунуштар**

Жазык укугун мындан ары өркүндөтүү мыйзамдардын сапатын жогорулатуу менен байланыштуу - конституциялык укуктарды жана эркиндиктерди чектеген мыйзам юридикалык тактыктын жана кесепеттерин алдын-ала болжолдоонун талаптарына жооп бериши керек, б.а. анын ченемдери мыйзамдын жоболорун каалагандай чечмелөө мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган, мыйзамдуу жүрүм-турумду мыйзамсыздан так ажыратууга мүмкүндүк берген, түшүнүктүү критерийлерге негизинделген жана жетиштүү деңгээлде тактык менен формулировкаланышы керек.

- жазык-укуктук ченемдердин колдонуудагы конструкцияларын жана алардын санкциялардын такталган теориялык-методологиялык позициясын талдоо зарыл;
- жазык мыйзамынын ченемдери кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча мыйзамдардын башка тармактарынын ченемдерине кандай дал келет деген суроолорго жооп берүү;
- зарыл болгон өзгөртүүлөрдү сунуштоо үчүн, жазык укуктук чөйрөгө укуктун жарандык тармактарынын “басып киришинин” көлөмүн аныктоо;
- альтернативаларды колдонууга жана аткарууга тиешелүү, мыйзамдардын тармактарындагы карама-каршылыктарды четтетүүнүн варианттарын сунуштоо;
- эркиндигинен ажыратуунун альтернативаларын колдонуу жана аткаруу боюнча мыйзамдагы кенемтелерди жоюунун варианттарын сунуштоо;
- коомдук коркунуч туудурбаган укук бузууларды андан ары декриминалдаштыруу, аларды административдик укук бузуулар категориясына өткөрүү жана аларды жасагандыгы үчүн административдик жоопкерчиликти күчөтүү, ошондой эле жазаларды жеңилдетүү жолу менен айрым кылмыштардын оордотуучу даражасын кайра баалоо (депенализация);
- жашы жете электерге, алардын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына шек келтирген кылмыштар үчүн, уюшкан кылмыштуу топтун же кылмыштуу жамааттын курамында жасалган кылмыштар үчүн, кылмыштар кайталанган учурда кылмыш жоопкерчилигин күчөтүү;
- эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазык жазаларды колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү, анын ичинде эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазалардын айрым санкцияларынан чыгаруу же эркиндигинен ажыратуунун максималдуу мөөнөттөрүн кыскартуу;

- айыпты жазык жазалардын натыйжалуу түрлөрүнүн бири катары жана анын колдонулушун кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн аныктоо;
- жазык кодексинин оордотуучу категориясынын бирине таандык беренелеринин санкцияларындагы жазалардын пропорционалдуулугун жана алардын жазанын адилеттүүлүгүнүн принцибине шайкештигин белгилөө;
- жазык жазанын альтернативдүү чараларына мамлекеттик мажбурлоону киргизүү;
- жазык жоопкерчилигинен бошотуу, жаза өтөө, жазаны өтөөдөн шарттуу түрдө бошотуу институттарын өркүндөтүү.

**Жазык-процесстик укукту өркүндөтүүнүн негизги багыттары төмөнкүлөрдө камтылган:**

1. жазык процессин жөнөкөйлөтүүдө жана натыйжалуулугун жогорулатууда, анын ичинде сотко чейинки өндүрүштүн тартибин жөнөкөйлөтүү;
2. анын чегин аныктоо менен тергөөгө чейинки текшерүүнү мыйзамдуу регламентациялоо;
3. камакка алуунун, анын ичинде күрөөнүн ордуна, бөгөт коюу чараларын колдонууну кеңейтүү үчүн шарттарды түзүү;
4. тараптардын элдешүү жана келтирилген зыяндын ордун толтурууга негизделген калыбына келтирүүчү сот адилеттигинин жаңы институттарын акырындык менен киргизүү;
5. жазыктык куугундуктоо жана айыптоо сотто жеке, ошондой эле жеке-коомдук тартипте жүзөгө ашырылышы мүмкүн болгон кылмыш иштеринин категорияларын кеңейтүү мүмкүнчүлүгү;
6. айыпталуучуларга жана шектүүлөргө гана эмес, жабырлануучуларга жана күбөлөргө да кылмыш иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү механизмдерин андан ары өркүндөтүү.
7. жазык-аткаруу чөйрөсүндө, жарандарды жазык юстициясына тартууну минималдаштыруу, жазык репрессиянын чараларын чараларын үнөмдөө максатында коомдон обочолонтуу менен байланышпаган жазык-укуктук чараларын кеңири колдонууга шарт түзүү керек. Мында мыйзамдарда жана соттук практикада жазык-укуктук таасир этүүнүн түрүн жана өлчөмүн тандоодо, биринчи кезекте, анын белгилүү бир адамга карата эффективдүүлүгүнүн натыйжалуулугу жөнүндө маалыматтарды эске алууга негизделген ыкмаларды иштеп чыгуу керек.
8. жазанын альтернативдүү чаралары мыйзам чыгаруучу тарабынан коюлган максатка жооп бербей жаткандыгынын бир нече себептери бар.
9. биринчиден, көбүнчө жазанын альтернативдүү чараларын киргизүүдө, алардын колдонулушунда карата тактык жок. Мыйзам чыгаруучулар, алар эркиндигинен ажыратуу жөнүндө өкүмдү алмаштырышат деп үмүт кылышат. Экинчи жагынан, алар өкүмдүн мүмкүн болгон алкагын кеңейтүү үчүн гана жазанын жаңы чараларын

киргизиши мүмкүн, балким кээде бул чаралар эркинен ажыратууну алмаштырат деген үмүт менен. Алар бул чараларды кайсыл укук бузуучулардын тобуна жана укук бузуунун оордотуучу кайсыл деңгээлинде колдонушу керектиги жөнүндө так түшүнүккө ээ болушу мүмкүн, ошондой эле андай түшүнүккө ээ болбошу дагы мүмкүн. Мыйзам чыгаруучулар өзүлөрүнүн ой-пикирин так айтышса дагы, соттор аны көп учурда кабыл албай калышкан болот. Ошондуктан жазанын жаңы чараларын колдонууга тиешелүү так принциптер жок. Айрым судьялар, балким эркиндигинен ажыратуунун натыйжалуулугуна күмөн санагандар, оор кылмыштар үчүн альтернативдүү чараларды колдонууну чечишет. Ал эми башкалар мындай чараларды аялдарга жана жаш балдарга өкүм чыгаруу үчүн вариант катары карашат.

10. ушул себептерден улам эркиндигинен ажыратуунун альтернативаларын киргизүүнүн ийгилиги көбүнчө мыйзамдарды чечмелөөнүн тактыгынан, судьялардын мыйзам чыгаруучунун ниетин туура кабыл алгандыгынан жана соттор тарабынан альтернативдик жазаларды колдонуунун жалпы көрсөтмөлөрүнөн көз каранды.

11. биздин коомдо калкка эркиндигинен ажыратуу жазасынын альтернативдүү түрлөрүн түшүндүрүү, жазык-аткаруу инспекцияларынын беделин коомчулук арасында көтөрүү жана алардын ортосунда коомдук пайдалуу байланыштарды түзүү максатында агартуу иштерин жүргүзүү зарыл. Бул иш-аракет жалпыга маалымдоо каражаттары менен биргеликте жүргүзүлүшү керек.

12. жазаларды аткарууда жаңы ыкмалар зарыл, мында негизги артыкчылыктар - өкүмдөрдүн аткарылышын гумандаштыруу, соттолгондорду социалдык реабилитациялоо, инсандын социалдык деформациясын жоюу, эркин жашоого даярдоо, адамдын кадыр-баркын кемсинтпеген соттолгондорду кармоо шарттарды камсыз кылуу, соттолгондордун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу кепилдиктерин күчөтүү, жарандык коомдун жазык-аткаруу системасынын ишине катышуусу, түзөтүү мекемелеринин ачык-айкындуулугу болууга тийиш.

# КОРУТУНДУ

Бүгүнкү күндө жаза институтунда мыйзам менен кылмышка киргизилген аракеттердин санын кыскартуу (декриминалдаштыруу), кылмыштар үчүн жазаны кыскартуу (депенализация) жана жазык жазаны административдик чаралар менен алмаштыруу (деинституциялаштыруу) жолу боюнча кетүүгө мүмкүндүк берген идеялар ишке ашырылды, ал толугу менен өзүн актайт.

Заманбап демократиялык мамлекетте эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза оор же өзгөчө оор кылмыштарды жасаган адамдарга, ошондой эле кылмышты кайталап жасаган адамдарга (рецидив) жана анча оор эмес кылмыштарды жасашкандыгына карабастан, жүрүм-туруму менен эркиндикте калтыруу мүмкүн болбогон адамдарга гана колдонулушу керек. Жазанын бул түрү башка жазалардын жардамы менен каалаган натыйжага жетишүү мүмкүн болбогондо гана колдонулушу керек; аны колдонуу соттолгон адамдын инсандыгын бир кыйла салмактуу карап чыгууну талап кылат. Башка учурларда, акылга сыярлык альтернатива колдонулушу керек.

**Кыргызстандын сот системасында көптөгөн өзгөрүүлөр болду жана бүгүнкү күндө** жазык саясатты гумандаштырууга багытталган мыйзамдын базасын өркүндөтүү боюнча чаралар кабыл алынды. Эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган альтернативдик жазаларды жана алдын алуу чараларын, ошондой эле элдешүү жол-жоболорун колдонуу чөйрөсү мыйзамдар менен, анын ичинде медиация институтун өнүктүрүү аркылуу кеңейтилди. Учурдагы мыйзамдар декриминалдаштырылып, чоң коомдук коркунуч туудурбаган айрым кылмыштар жоруктар жана административдик укук бузуулар категориясына өткөрүлүп, аларды жасаганы үчүн административдик жоопкерчилик күчөтүлдү. Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине киргизилген өзгөртүүлөр бүткүл постсоветтик мейкиндикте болгон эмес (прецеденттүү). Бул камакка алууну кылмыш жазасынан четтетүү, рецидивдик институтту жоюу, эркиндигинен ажыратуунун ордуна альтернативдик жазаларды колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү, пробация институтун киргизүү, сотко чейинки текшерүүнү жөнгө салуу жана башкалар. Мунун бардыгы репрессиялык идеологиядан баштап, мурунтан калыптанып калган көптөгөн стереотиптерден баш тартууга аргасыз кылды.

Кандай гана жаза болбосун, бул дагы деле болсо жазалоо чаралары, эң башкысы кылмыштуулукка жол бербөө, б.а. укук бузуулардын алдын-алууга, бул функцияларды жергиликтүү аткаруу органдарына өткөрүп берүү менен кылмыш жазасын өтөгөн адамдарды социалдык адаптациялоо жана реабилитациялоо системасын реформалоого чоң көңүл буруу керек.

UNDEF
The United Nations
Democracy Fund

FNUD
Fonds des Nations Unies
pour la démocratie

PENAL
REFORM